# Чындыгында, кийим эскирген сыяктуу эле силердин жүрөгүңөрдөгү ыйманыңар да эскирет. Андыктан Аллахтан жүрөгүңөрдөгү ыйманды жаңыртуусун сурангыла

Абдулла бин Амр бин Аль-Аас, радыяллаху анхума, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айтты: «Чындыгында, кийим эскирген сыяктуу эле силердин жүрөгүңөрдөгү ыйманыңар да эскирет. Андыктан Аллахтан жүрөгүңөрдөгү ыйманды жаңыртуусун сурангыла».

[Сахих (ишенимдүү)] [Ал-Хаким жана ат-Табарани жазып калтырган]

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, жаңы кийим көп кийилип эскирген сыяктуу мусулмандын жүрөгүндөгү ыйманы да эскирип, алсыз болуп калышы тууарасында айтты. Бул ыйманды эскирүүсү ибадаттагы кайдыгерликтен, күнөө кылуудан жана азгырыктарга берилип кетүүдөн болот. Мындай учурда Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, парз ибадаттарды аткаруу менен, көп зикир кылуу жана истигфар айтуу менен ыйманыбызды жаңыртуу үчүн Алла Таалага дуба кылууга багыт берди.



النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee